**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XI сессиясынын**
**№ I ТОКТОМУ**

Папан айылы 10-октябрь 2025-жыл

**«Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамын, жооптуу жергиликтүү кеңештин депутаттарын жана жыйын өтүлүүчү жерин жана өткөрүү графигин бекитүү жөнүндө»**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы №270 "Кезектеги IV Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө жарлыгына ылайык .

Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамын, жыйналыштардын өтүлүүчү графигин бекитүү 2025-жылдын 1-ноябрындагы Кезектеги IV Элдик Курултайды өткөрүү, делегаттарды шайлоо жана ишти координациялоо боюнча уюштуруу комитетинин 2025-жылдагы №1 протоколунун негизинде Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүндө IV жергиликтүү Элдик Курултайды коомдоштуктардын жыйындарын өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы №1 тиркемеге ылайык бекитилсин .
2. Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын өткөрүү боюнча делегаттардын саны, өткөрүү жайы №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жооптуу болуп жергиликтүү кеңешинин депутаттардын курамы №3 тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүндө IV жергиликтүү Элдик Курултайды уюштуруу боюнча иш-чаралар планы №4 тиркемеге ылайык бекитилсин, 2025-жылдын 1-ноябрында М.Абдурасулов атындагы маданият үйүндө өткөрүү белгиленсин.

5. Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жетекчилигине жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын өткөрүүгө көмөк көрсөтүү жагы тапшырылсын.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы өзүмө калтырам.

**Төрага** **М.Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин**
**2025-жылдын 10-октябрындагы**
**кезектеги XI сессиясынын**
**№I токтомунун №1 тиркемеси**

**Папан айыл аймагынын айылдарында жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы**

| № | Ф.А.А | Ким болуп иштейт |
|---|---|---|
| 1. | Агзамова Айчүрөк Рысбаевна | Жергиликтүү кеңештин депутаты |
| 2. | Дубанаева Алтынай Маматнасировна | Жергиликтүү кеңештин депутаты |
| 3. | Аттокуров Кубатбек Абдикалилович | Жергиликтүү кеңештин депутаты |
| 4. | Алмаматова Тамаракан Мамытовна | Жергиликтүү кеңештин депутаты |
| 5. | Аттокурова Минавар | Жергиликтүү кеңештин депутаты |
| 6. | Бакыт уулу Өмүрбек | Жергиликтүү кеңештин депутаты |
| 7. | Бакирова Нургүл Токтобаевна | Жергиликтүү кеңештин депутаты |
| 8. | Буркамидин уулу Актилек | Жергиликтүү кеңештин депутаты |
| 9. | Джуманова Алмакан Айиповна | Жергиликтүү кеңештин депутаты |
| 10. | Жолонова Элиш Жолоновна | Жергиликтүү кеңештин депутаты |
| 11 | Исламов Алымкул Исломович | Жергиликтүү кеңештин депутаты |
| 12 | Акбураев Динмухаммед Жээнбекович | Айыл өкмөттүн орун басары жооптуу катчы |
| 13 | Каримова Айнур Козуевна | Жергиликтүү кеңештин депутаты |
| 14 | Максытов Абдазбек Эркинбаевич | Жергиликтүү кеңештин депутаты |
| 15 | Молдоматова Айчүрөк Тагаевна | Жергиликтүү кеңештин депутаты |
| 16 | Тагаев Төрөгелди Түлөкбаевич | Жергиликтүү кеңештин депутаты |
| 17 | Романов Имилямин Топчубаевич | Жергиликтүү кеңештин депутаты |
| 18 | Меңдибаев Акмат | Айыл башчы |
| 19 | Коңкошев Азим | Айыл башчы |

**Папан айыл аймагынын айылдык**
**кеңешинин жооптуу катчысы** **Н. Калыков**

**Папан айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин**
**2025-жылдын 10-октябрындагы**
**кезектеги XI сессиясынын**
**№I токтомунун №2 тиркемеси**

**Папан айыл аймагынын айылдарында жергиликтүү жааматтардын жыйындарын өткөрүү боюнча графиги**

| № | Айылдар дын аталыштары | Жыйын өтүүчү күн | Сааты | Кал кынын саны | Деле гат тар дын саны | Өтүүчү жер | Жооптуулар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Кара-Гур | 17.10.2025 | 10-00 | 641 | 2 | Кара-Гур атындагы орто мектеби | Айыл башчылар жана А/К депутаттары |
| 2. | Кожо-Келен | 17.10.2025 | 12-00 | 2393 | 11 | №34 С.Ибраимов а.о мектеби | Айыл башчылар жана А/К депутаттары |
| 3. | Арал | 20.10.2025 | 15-00 | 471 | 2 | М.Абдурасулов атындагы маданият үйү | Айыл башчылар жана А/К депутаттары |
| 4. | Ата-Мерек | 20.10.2025 | 15-00 | 156 | 1 | М.Абдурасулов атындагы маданият үйү | Айыл башчылар жана А/К депутаттары |
| 5. | Камыр-Суу | 20.10.2025 | 15-00 | 1325 | 5 | М.Абдурасулов атындагы маданият үйү | Айыл башчылар жана А/К депутаттары |
| 6. | Андагул | 21.10.2025 | 10-00 | 902 | 4 | Ж.Шериев а.о. мектеби | Айыл башчылар жана А/К депутаттары |
| 7. | Бөрү | 21.10.2025 | 11-00 | 2432 | 11 | А.Саипов а.о мектеби | Айыл башчылар жана А/К депутаттары |
| 8. | Тогуз-Булак | 21.10.2025 | 13-00 | 501 | 2 | Барпы башталгыч мектеби | Айыл башчылар жана А/К депутаттары |
| 9. | Жар-Башы | 22.10.2025 | 10-00 | 1924 | 8 | Айылдык мечит | Айыл башчылар жана А/К депутаттары |
| 10. | Чычкан-Кол | 22.10.2025 | 11-00 | 1673 | 7 | Айылдык мечит | Айыл башчылар жана А/К депутаттары |
| 11. | Ак-Терек | 23.10.2025 | 13-00 | 1684 | 7 | Айылдык спортзал | Айыл башчылар жана А/К депутаттары |
| 12. | Кызыл-Туу | 23.10.2025 | 15-00 | 2296 | 10 | Э.Алыкулов а.о. мектеби | Айыл башчылар жана А/К депутаттары |
| 13 | Алчалуу (Бөдөнө) | 23.10.2025 | 16-00 | 2306 | 10 | А.Семетеев а.о. мектеби | Айыл башчылар жана А/К депутаттары |
| | **Жалпы:** | | | **18704** | **80** | | |

**Папан айыл аймагынын айылдык**
**кеңешинин жооптуу катчысы** **Н. Калыков**

**Папан айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин**
**2025-жылдын 10-октябрындагы**
**кезектеги XI сессиясынын**
**№1 токтомунун №3 тиркемеси**

**Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын өткөрүү боюнча жоопту жергиликтүү кеңештин депутаттарынын тизмеси**

| К№ | Ф.А.А |
|---|---|
| **Кожо-Келен , Кара-Гур** | |
| **1.** | Агзамова Айчүрөк Рысбаевна |
| **2.** | Дубанаева Алтынай Маматнасировна |
| **3.** | Аттокуров Кубатбек Абдикалилович |
| **Арал, Ата-Мерек, Камыр-Суу** | |
| **1** | Романов Имилямин Топчубаевич |
| **2** | Аман уулу Чубак |
| **Андагул, Бөрү, Тогуз-Булак** | |
| **1** | Жолонова Элиш Жолоновна |
| **2** | Исламов Алымкул Исламович |
| **3** | Максытов Абдазбек Эркинбаевич |
| **4** | Бакирова Нургүл |
| **Жар-Башы** | |
| **1** | Авазова Айгүл |
| **2** | Молдоматова Айчүрөк |
| **Чычкан-Кол** | |
| **1** | Бурканидин уулу Актилек |
| **2** | Романов Имилямин Топчубаевич |
| **Ак-Терек** | |
| **1** | Абдикалиев Абсатар |
| **2** | Джуманова Алмакан |
| **Кызыл-Туу** | |
| **1** | Алмаматова Тамара |
| **2** | Тагаев Төрөгелди |
| **Алчалуу** | |
| **1** | Аттокурова Минавар |
| **2** | Бакыт уулу Өмүрбек |
| | |

**Папан айыл аймагынын айылдык**
**кеңешинин жоопту катчысы** **Н. Калыков**

**Папан айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин**
**2025-жылдын 10-октябрындагы**
**кезектеги XI сессиясынын**
**№3токтомунун №4 тиркемеси**

**Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүндө Элдик Курултайды уюштуруу боюнча иш-чаралар планы**

| № | Иш-чаралардын мазмууну | Мөөнөтү | Аткарууга жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1. | Жергиликтүү кеңеш тарабынан Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү коомдоштуктардын жыйындар жөнүндө чечимди сессияда кабыл алуу:<br>- Өкүлчүлүктү жыйындын убактысын жана өтүүчү жерин аныктоо;<br>- Элдик Курултайды уюштуруу боюнча иш-чаралар планын бекитүү;<br>- Өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөдүн санын квотага ылайык бекитүү;<br>- Өкүлчүлүктүү жыйындарды өткөрүү боюнча жергиликтүү коомдоштуктарды тиешелүү аймактык бөлүктөргө бөлүү ченемдери;<br>- Жыйындарды/ жыйналыштарды өткөрүү графигин бекитүү;<br>- Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын өткөрүү боюнча жооптуу айылдык кеңештин депутаттарынын тизмесин бекитүү;<br>- Жыйынды уюштуру жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамын бекитүү;<br>- Кабыл алынган чечимдер боюнча протоколдорду түзүү. | 2025-жылдын<br>11-октябрына чейин | Папан айл аймагынын айылдык кеңеши |
| 2 | Айылдарда өтүчү Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча маалыматтарды эл арасына жайылтуу,<br>түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | 2025-жылдын 11-октябрынан<br>17-октябрына чейин | Жумушчу топ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3. | Айылдарды өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөрдү көрсөтүү боюнча жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын өткөрүү | 2025-жылдын 17-октябрдан 24-октябрга чейин | |
| 4 | Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүндө өтүүчү өкүлчүлүктүү жыйынга делегаттарды катыштыруу | 2025-жылдын 1-ноябрь күнү (ишемби күнү) | Жумушчу топ |
| 5 | Жумушчу топко жергиликтүү коомдоштуртардын жыйындарынын протоколдорун жана өкүлчүлүктүү жыйында шайланган делегаттардын толтурулган анкеталарын уюштуруу комитетине жөнөтүү | 2025-жылдын 3-ноябрына чейин | Жумушчу топ |

**Папан айыл аймагынын айылдык**
**кеңешинин жооптуу катчысы** **Н. Калыков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XI сессиясынын**
**№II Токтому**

Папан айылы 10-октябрь 2025-жыл

**Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүндөгү Бөрү айылындагы №90 А.Саипов атындагы орто мектебинин чатырын облустук өнүктүрүү фондунан капиталдык ремонттоого долбоор жазуу жөнүндө**

Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XI сессиясында Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүндөгү №90 А.Саипов атындагы орто мектебинин директорунун 24.04.2025-жылындагы чыгыш №94 сандуу катын карап, Бөрү айылындагы №90 А.Саипов атындагы орто мектебинин чатырын капиталдык ремонттоо максатында Ош облустук өнүктүрүү фондуна долбоор жазып, ремонттоого Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Бөрү айылындагы №90 А.Саипов атындагы орто мектебинин чатырын капиталдык ремонттоо максатында Ош облустук өнүктүрүү фонду тарабынан 9 232 904 сом ( тогуз миллион эки жүз отуз эки миң тогуз жүз төрт) сом суралсын.

2. Бул токтомдун сметалык тийиштүү иш кагаздарды жана проекттерди даярдап, токтомдун ишке ашырылышын камсыздоо Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Бул токтомду көзөмөлдөө жагы Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин бюджет жана инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага М. Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XI сессиясынын**
**№III Токтому**

Папан айылы 10-октябрь 2025-жыл

**Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдындагы муниципалдык ишканасынын техникаларынын иштөө тарифтерин бекитүү жөнүндө**

Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XI сессиясында Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы чыгыш №01-19/446 сандуу катын карап, талкуулап Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдындагы муниципалдык ишкананын калкка жана юридикалык жактарга кызмат көрсөтүлгөн баасын тактоо жана ишкананын туруктуу ишин камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” мыйзамына ылайык, Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1 Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдындагы муниципалдык ишкананын “Хово” унаасынын жана экскаваторунун кызмат көрсөтүү тарифтери 1-2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2 Техникалар айыл өкмөт тарабынан колдонулган мезгилде күйүүчү-майлоочу майлары айыл өкмөтүнүн каражатынын эсебинен камсыздалсын.

3 Муниципалдык ишканасына бекитилген тарифтердин так сакталышын камсыз кылуу айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.

4 Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин бюджет жана инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **М. Мырзабеков**

**«БЕКИТИЛДИ»**
Папан айыл аймагынын
айылдык кеңешинин
10.10. 2025-жылдагы
№III токтому менен.

1-тиркеме

Төрага: ____________ М.М.Мырзабеков.

МДС-2015 методикасы менен тариф.
200 км аралыкка эсеп (перегону кошулган)
HOWO ZZ3327N3847E үлгүсүндөгү оор жүк ташуучу самосвалдын тарифтик эсептөөлөрү,муниципалдык жана башка тапшырыктар үчүн:
Папан муниципалдык ишканасы,техникалык кызмат көрсөтүүдө төмөндөгүдөй тарифте иш жүргүзөт.

## Жүк көтөрүмдүүлүгү 17.24 тонна болгон самосвал.

| **Берене** | **Эсеп** | **Сумма,сом 1 т. 200 км үчүн.** |
|---|---|---|
| Амортизациялык чегерүүлөр | 2000000 с:100000 км х200 км | 232.018 |
| Дөңгөлөктөр | 250000 с :30000х200км | 96.6763 |
| Майлоочу жана смазка материалдар | 25000:5000х 200 км | 58.0 |
| Айдоочунун эмгек акысы | 200 км | 145.016 |
| Күйүүчү май | 5.8 л х 80 сом | 464.037 |
| Башка чыгымдар (4%) | Орточо сумма 4% | 39.825 |
| **Өндүрүштүк өздүк баа (200 км)** | | 1035.574 |
| Накладдык чыгымдар 50 % | 1035.574 х 50 % | 517.7494 |
| Пландык топтоо 20% | 1035.574 + 517.787 х 20 % | 310.6722 |
| НДС 12 % | 1863.995 х % 12 | 223.679 |
| **Жыйынтык:** | | **2087.76** |

**Баалар, базардагы абалга жараша өзгөрүшү ыктымал.**

**«БЕКИТИЛДИ»**
Папан айыл аймагынын
айылдык кеңешинин
10.10.2025-жылдагы
№III токтому менен.

2-тиркеме

Төрага: _____________ М.М.Мырзабеков.

МДС-2015 методикасынын негизинде.

BD150W дөңгөлөктүү экскаватору аркылуу муниципалдык жана башка буюртмачылар үчүн,техникалык жумуштарды аткаруу боюнча:
Папан муниципалдык ишканасы төмөнкү эсептөөлөр менен иш жүргүзөт.

**0.5 м3 көлөмдөгү ковша менен 3 топтогу топурак жана шагыл жүктөп иштетүүнүн өздүк наркы.**

| Берене | Өлчөө бирдиги | Формула | | | Сумма .Сом |
|---|---|---|---|---|---|
| Амортизациялык чегерүүлөр. | м/саат | C x 10 % / T | | | 617.1875 |
| Ремонт жана техникалык тейлөө | м/саат | C x 10 % / T | | | 617.1875 |
| Эмгек акы (машинист) | м/саат | Z | | | 350.0 |
| Перегон | м/саат | C x 2 % / T | | | 123.44 |
| Күйүүчү май | м/саат | Q xCt | | | 1200.0 |
| Майлоочу жана гидравликалык суюктуктар | м/саат | Топливо x10 % | | | 120.0 |
| **Өздүк наркы:** | | | | | **3027.815** |
| **Накладдык чыгымдар:** | Айдоочунун айлыгы x 95% | | 350.0 | 95% | 332.0 |
| **Пландык топтоо:** | Айдоочунун айлыгы x 50% | | 350.0 | 50% | 175 |
| **Иштетүүнүн жана жүктөөнүн жалпы наркы:** | | | | | **3534.815** |

**Өндүрүмдүүлүк саатыны**: Эгер шагыл менен иштесе 30 метр/саат.Эгер жумшак топурак менен иштесе 36 метр куб/ саат.

**1 метр куб үчүн тариф**: 3534.815 : 30 м куб = **117.8271 сом.**
3534.815 : 36 м куб = **98.1893 сом**

(Баалар, базар баасына жараша өзгөрүлүшү мүмкүн)

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XI сессиясынын**
**№IV Токтому**

Папан айылы 10-октябрь 2025-жыл

**58,8 га Таш-Короо участогуна генплан даярдоо үчүн айыл өкмөтүнүн кошумча каражатынан 1 033 007 (бир миллион отуз үч миң жети) сом бөлүп берүү жөнүндө**

Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүндөгү Таш-Короо участогундагы 58,8 га жер тилкесине башкы план (генплан) даярдоо зарылдыгына байланыштуу, ошондой эле сметалык эсептөөлөргө ылайык долбоорлоо иштерине 1 033 007 (бир миллион отуз үч миң жети) сом кошумча каражат талап кылынганын эске алуу менен, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамын жетекчиликке алып, Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Таш-Короо участогундагы 58,8 га жер тилкесине генплан даярдоого Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн кошумча каражатынан 1 033 007 (бир миллион отуз үч миң жети) сом акча каражаты бөлүнүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Каражаттын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылышын камсыздоо Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө бюджет экономикалык саясат инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

**Төрага** **М. Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын**
**кезектеги XII сессиясынын**
**№I Токтому**

Папан айылы 28-ноябрь 2025-жыл

**Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Чычкан-Кол айылынын А.Муратов жана Э.Матраимов көчөлөрүнө асфальт төшөө үчүн дем берүүчү гранттын эсебинен ишке ашыруу максатында өздүк салымга Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинин эсебинен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XII сессиясында Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 24.11.2025-жылдагы чыгыш №01-13/1937 сандуу катын карап жана талкуулап, Чычкан-Кол айылынын А.Муратов жана Э.Матраимов көчөлөрүнө асфальт төшөө үчүн дем берүүчү (үлүштүк) грантка жазылган долбоорун угуп жана талкуулап, Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Чычкан-Кол айылынын А.Муратов жана Э.Матраимов көчөлөрүнө асфальт төшөө үчүн өздүк салым катары Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылдагы бюджетинин эсебинен 1 690000 (бир миллион алты жүз токсон миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Бул токтомдун ишке ашырылышын камсыздоо Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Бул токтомду көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет жана инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **М. Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XII сессиясынын №II Токтому**

Папан айылы 28-ноябрь 2025-жыл

**Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Жар-Башы айылынын К.Паватов жана Жар-Башы-4 көчөлөрүнө асфальт төшөө үчүн дем берүүчү гранттын эсебинен ишке ашыруу максатында өздүк салымга Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинин эсебинен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XII сессиясында Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 24.11.2025-жылдагы чыгыш №01-13/1937 сандуу катын карап жана талкуулап, Жар-Башы айылынын К.Паватов жана Жар-Башы-4 көчөлөрүнө асфальт төшөө үчүн дем берүүчү (үлүштүк) грантка жазылган долбоорун угуп жана талкуулап, Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Жар-Башы айылынын К.Паватов жана Жар-Башы-4 көчөлөрүнө асфальт төшөө үчүн өздүк салым катары Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылдагы бюджетинин эсебинен 1 640 000 (бир миллион алты жүз кырк миң ) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Бул токтомдун ишке ашырылышын камсыздоо Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Бул токтомду көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет жана инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **М. Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XII сессиясынын**
**№III Токтому**

Папан айылы 28-ноябрь 2025-жыл

**Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Ак-Терек айылынын Ак-Терек көчөсүнө асфальт төшөө үчүн дем берүүчү гранттын эсебинен ишке ашыруу максатында өздүк салымга Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинин эсебинен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XII сессиясында Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 24.11.2025-жылдагы чыгыш №01-13/1937 сандуу катын карап жана талкуулап, Ак-Терек айылынын Ак-Терек көчөсүнө асфальт төшөө үчүн дем берүүчү (үлүштүк) грантка жазылган долбоорун угуп жана талкуулап, Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Ак-Терек айылынын Ак-Терек көчөсүнө асфальт төшөө үчүн өздүк салым катары Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылдагы бюджетинин эсебинен 2 295 995 (эки миллион эки жүз токсон беш миң тогуз жүз токсон беш) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
2. Бул токтомдун ишке ашырылышын камсыздоо Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.
3. Бул токтомду көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет жана инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **М. Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XII сессиясынын**
**№IV Токтому**

Папан айылы 28-ноябрь 2025-жыл

**Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Бөрү айылынын Жаңы-Айыл-1, Жаңы-Айыл-3 жана Жаңы-Айыл-4 жана көчөлөрүнө асфальт төшөө үчүн дем берүүчү гранттын эсебинен ишке ашыруу максатында өздүк салымга Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинин эсебинен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XII сессиясында Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 24.11.2025-жылдагы чыгыш №01-13/1937 сандуу катын карап жана талкуулап, Бөрү айылынын Жаңы-Айыл-1, Жаңы-Айыл-3 жана Жаңы-Айыл-4 жана көчөлөрүнө асфальт төшөө үчүн дем берүүчү (үлүштүк) грантка жазылган долбоорун угуп жана талкуулап, Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Бөрү айылынын Жаңы-Айыл-1, Жаңы-Айыл-3 жана Жаңы-Айыл-4 жана көчөлөрүнө асфальт төшөө үчүн өздүк салым катары Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылдагы бюджетинин эсебинен 1 655 909 (бир миллион алты жүз элүү беш миң тогуз жүз тогуз ) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Бул токтомдун ишке ашырылышын камсыздоо Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Бул токтомду көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет жана инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага М. Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XII сессиясынын**
**№V Токтому**

Папан айылы 28-ноябрь 2025-жыл

**Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Кара-Гур айылына фельдшердик-акушердик пунктун куруу үчүн дем берүүчү гранттын эсебинен ишке ашыруу максатында өздүк салымга Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинин эсебинен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XII сессиясында Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 24.11.2025-жылдагы чыгыш №01-13/1937 сандуу катын карап жана талкуулап, Кара-Гур айылына фельдшердик-акушердик пунктун куруу үчүн дем берүүчү (үлүштүк) грантка жазылган долбоорун угуп жана талкуулап, Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Кара-Гур айылына фельдшердик-акушердик пунктун куруу үчүн өздүк салым катары Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылдагы бюджетинин эсебинен 3 013 178 (үч миллион он үч миң бир жүз жетимиш сегиз) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Бул токтомдун ишке ашырылышын камсыздоо Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Бул токтомду көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет жана инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **М. Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XII сессиясынын**
**№VI Токтому**

Папан айылы 28-ноябрь 2025-жыл

**Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө, дин тутуу каадаларына жана салттарына ылайык маркумдарды жерге берүү тартибин сактоо, мүрзөгө эстелик орнотууда ысырапкорчулукту болтурбоо боюнча жобону бекитүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы №502 токтому менен бекитилген талаптарды аткаруу максатында, маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иштерин тартипке салуу, дин тутуу каадаларына жана улуттук салттарга ылайык маркумдарды жерге берүү тартибин сактоо, ошондой эле мүрзөгө эстелик орнотууда ашыкча чыгымдарга жана ысырапкорчулукка жол бербөө максатында, Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. «Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө, дин тутуу каадаларына жана салттарына ылайык маркумдарды жерге берүү тартибин сактоо, мүрзөгө эстелик орнотууда ысырапкорчулукту болтурбоо боюнча Жобо» бекитилсин (тиркелет).

2. Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнө ушул Жобонун талаптарынын аткарылышын уюштуруу, калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, тиешелүү мекемелер жана диний өкүлдөр менен өз ара кызматташууну камсыз кылуу милдеттендирилсин.

3. Аймактагы көрүстөндөрдү башкарууга жоопту адамдарга жана тиешелүү комиссияларга Жобонун талаптарын так сактоо сунушталсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин Дин, каада-салт, социалдык коргоо боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **М. Мырзабеков**

Тиркеме

# Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартиби

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Тартип Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо (мындан ары – брондоо) эрежелерин, анын ичинде шарттарын, мөөнөттөрүн, наркын жана тариздөө жол-жобосун аныктайт.
2. Ушул Тартиптин максаттары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

– жарандардын сөөгүн жайга кадыр-барктуу коюуга болгон укуктарын камсыз кылуу;
– санитардык, экологиялык, шаар куруу жана диний-маданий ченемдерди сактоо;
– көрүстөндөрдү эсепке алууну жана натыйжалуу башкарууну системалаштыруу;
– кызмат көрсөтүүнүн жана пайдалануунун ачык-айкын механизмин түзүү.

3. Укуктук негизи:

– Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
– “Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
– Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 14-октябрындагы №296 “Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу” Жарлыгы;
– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-февралындагы №67 “Каза болгон жарандарды көмүү жана мүрзөгө коюлуучу курулмаларды орнотуу тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу” токтому;
– башка ченемдик укуктук актылар.

4. Ушул Тартипте төмөнкү түшүнүктөр колдонулат:

**көмүү жайларын брондоо** (мындан ары – брондоо) – арыз ээси менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы/маркумду узатуу ишинин маселелери боюнча адистештирилген кызматтын ортосундагы келишимдин негизинде ишке ашырылуучу көмүү жайларын резервдөө. Брондоо укугу – нике күбөлүгү болгон учурда жубайына таандык.

**брондоо келишими** – арыз ээси менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын/маркумду узатуу ишинин маселелери боюнча адистештирилген кызматтын ортосундагы жазуу жүзүндөгү келишим;

**көмүү жайларынын реестри** – көмүү үчүн көрүстөн боюнча бош жана ээленген жайларды эсепке алуунун маалыматтык системасы.

5. Көмүү жайларын брондоо төмөнкүлөрдү эске алуу менен жүргүзүлөт:

– санитардык жана экологиялык талаптарды;
– шаар куруу талаптарын;
– диний, этностук жана маданий салттарды.

## 2-глава. Көмүү жайларын брондоонун наркын эсептөө

6. Көмүү жайларын брондоонун наркы төмөнкү формула боюнча аныкталат:

БН = ЭК + К, мында:

БН – брондоонун наркы,

ЭК – административдик-аймактык бөлүүнүн градациясы боюнча аныкталуучу эсептик көрсөткүч (республикалык маанидеги шаарлар үчүн – 1000 (бир миң), облустук маанидеги шаарлар – 750 (жети жүз элүү) жана райондук маанидеги шаарлар жана

айылдар – 500 (беш жүз).
К – маркумду узатуу ишинин маселелери боюнча адистештирилген кызматтар түзүлгөн жана иштеген жерлерде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы тарабынан бекитилүүчү кошумча кызматтардын коэффициенти. Кошумча кызмат көрсөтүүлөргө төмөнкүлөр кирет:

- көрктөндүрүү (жолдор, тосмолор, жарыктандыруу);
- жашылдандыруу жана бак-дарактарга кам көрүү;
- суу менен камсыздоо (сугаруу, техникалык муктаждыктар);
- дааратканалар болгон учурда турмуш-тиричилик калдыктарын чыгаруу ж.б.

**3-глава. Көмүү жайларын брондоо тартиби**

7. Көмүү жайларын брондоо үчүн арыз ээси Бирдиктүү идентификациялоо системасы аркылуу авторизациялоону пайдалануу менен Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу электрондук форматта арыз берет.
Электрондук форматта арыз берүү Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу жүзөгө ашырылат. Арыз ээсин авторизациялоодо жана көмүү жайларын ээлөөгө электрондук өтүнмөнү тариздөөдө, зарыл документтер суралат жана санариптик форматта болгондо ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасын пайдалануу менен автоматтык түрдө жүктөлөт.
Эгерде талап кылынган документтер ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасында жок болсо, анда арыз ээси тиешелүү кагаз жүзүндөгү документтердин санариптик дубликатын өз алдынча электрондук өтүнмөгө тиркеши керек:

- арыз ээсинин паспорту;
- тууугандыгын ырастаган документ (нике тууралуу күбөлүк);
- Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу берилген санарип форматтагы жубайынын өлгөндүгү тууралуу күбөлүк же өлгөндүгүн каттоо тууралуу актыны жазуудан көчүрмө же болбосо саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген белгиленген үлгүдөгү өлгөндүгү тууралуу маалымкат.

8. Арыз автоматтык түрдө маалыматтык системага катталган күндөн тартып 14 жумушчу күнүнөн ашпаган мөөнөттө каралууга тийиш.
Көмүү жайын брондоо жөнүндө арыз катталган учурдан тартып жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы же маркумду узатуу ишинин маселелери боюнча адистештирилген кызмат тиешелүү чечим кабыл алганга чейин суралган жай убактылуу брондолгон болуп эсептелет. Ушул мезгилдин ичинде ал башка жактарга берилбейт. Брондоодон баш тартылган учурда баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынган датадан тартып убактылуу брондоо жокко чыгарылат.
9. Жубайы мурда жерге берилген жайга жанаша жайды брондоо, брондоонун наркы толук төлөнгөндөн кийин гана жүргүзүлөт. Акы төлөнгөндөн кийин арыз ээси жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы/маркумду узатуу ишинин маселелери боюнча адистештирилген кызмат менен брондоо боюнча келишим түзөт. Төлөнгөн каражаттар кайтарылууга жатпайт.
10. Көмүү жайларын брондоо мөөнөтүн узартуу электрондук арыз боюнча колдонуудагы мөөнөт аяктаганга чейин 3 ай калгандан кечиктирилбестен ишке ашырылат. Арыз жок болсо брондоо жокко чыгарылды деп эсептелет.
Көмүү жайларын брондоо мөөнөтү 10 жыл, кийин ушундай эле мезгилге узартуу мүмкүнчүлүгү менен.
11. Акы төлөө фактысы квитанция же онлайн чек менен ырасталат, анын көчүрмөсү келишимге тиркелет.
Көмүү жайларын брондоо акысы арыз ээси тарабынан накталай же накталай эмес

формада жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын же маркумду узатуу ишинин маселелери боюнча адистештирилген кызматтын эсебине төлөнөт. Мында акы төлөө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы же маркумду узатуу ишинин маселелери боюнча адистештирилген кызмат тарабынан оң чечим кабыл алынгандан кийин, бирок брондоо келишими түзүлгөнгө чейин жүргүзүлөт.

12. Брондоо келишиминде төмөнкүлөр камтылышы керек:

- тараптардын реквизиттери;
- брондоонун шарттары;
- тараптардын жоопкерчилиги жана башкалар маселелер.

13. Жасалма брондоо деп жасалма документтерди же жалган маалыматтарды пайдалануу менен же андан ары үчүнчү жактарга өткөрүп берүү максатында келишимди жол-жоболоштуруу таанылат. Мындай фактылар аныкталган учурда келишим жокко чыгарылат, ал эми жасалма брондоого жол берген адамдар мыйзамдарга ылайык жоопкерчиликке тартылат.

**4-глава. Көмүү жайларын брондоодон баш тартуу үчүн негиздер**

14. Көмүү жайларын брондоодон баш тартуу үчүн негиздер болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1) сөөгү жерге берилген жубайынын жанында бош жайдын жоктугу;
2) төмөнкү ырастоочу документтердин жоктугу:
   - арыз ээсинин паспорту;
   - туугандыгын ырастаган документ (нике тууралуу күбөлүк);
   - Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу берилген санарип форматтагы жубайынын өлгөндүгү тууралуу күбөлүк же өлгөндүгүн каттоо тууралуу актыны жазуудан көчүрмө же болбосо саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген белгиленген үлгүдөгү өлгөндүгү тууралуу маалымкат;

3) мурда белгиленген брондоо эрежелерин бузуу.

15. Көмүү жайларын брондоодон баш тартылган учурда арыз ээси кабыл алынган чечимге төмөнкүлөргө арыздануу жолу менен даттанууга укуктуу:

1) арызды кайра карoo өтүнүчү менен баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына же маркумду узатуу ишинин маселелери боюнча адистештирилген кызматка;

2) же болбосо ушундай кайрылууларды кароого ыйгарым укуктуу жогору турган мамлекеттик органга.

Даттануу “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган тартипте жана мөөнөттө жазуу жүзүндө же электрондук формада берилет.

Сотко чейинки даттанууну берүү арыз ээсинин Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык сот органдарына кайрылуу укугун жокко чыгарбайт. Сот тартибинде даттануу баш тартуу жөнүндө чечимди же сотко чейинки даттанууга жоопту алган күндөн тартып 30 күндүн ичинде берилиши мүмкүн.

**5-глава. Каражаттардын пайдаланылышын контролдоо жана отчеттуулук**

16. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары/маркумду узатуу ишинин маселелери боюнча адистештирилген кызмат брондоо акысын төлөөнүн эсебинен келип түшкөн каражаттардын өзүнчө эсебин жүргүзүүгө милдеттүү.

Бул каражаттарды пайдалануу боюнча жыл сайын отчет берилиши керек. Отчет тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын расмий сайтында же маалымат такталарында жайгаштырылат жана коомчулук үчүн жеткиликтүү болот.

17. Көмүү жайларын брондоодон келип түшкөн каражаттар көрүстөндөрдү

көрктөндүрүү, күтүү жана өнүктүрүү менен байланышкан иш-аракеттерди максаттуу каржылоого жумшалышы мүмкүн. Мындай багыттарга төмөнкүлөр кирет:

1) көрүстөндөрдүн инфраструктурасын (жолдорду, жарыктандырууну, тосмолорду) күтүү жана жакшыртуу;

2) жашылдандыруу жана бак-дарактарга кам көрүү;

3) суу менен жабдууну жана санитардык абалды камсыз кылуу;

4) көмүү жайларынын электрондук реестрин түзүү;

5) көмүүнүн тиешелүү шарттарын камсыз кылуу менен түздөн-түз байланышкан башка чыгымдар.

18. Көмүү жайларын брондоодон келип түшкөн каражаттардын пайдаланылышын контролдоо жергиликтүү кеңеш тарабынан жүзөгө ашырылат.

19. Көмүү жайларын брондоодон келип түшкөн каражаттарды максатсыз пайдалангандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралган.

## 6-глава. Кошумча жоболор

20. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары/маркумду узатуу ишинин маселелери боюнча адистештирилген кызмат төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) көмүү үчүн бош жайлардын абалын, аларды эсепке алууну жана пайдаланууну контролдоого;

2) көрүстөндөрдө бош жайлардын бар экендиги, брондоо мөөнөттөрү жана байланыш маалыматтары жөнүндө көмүү жайларынын электрондук реестрин жүргүзүүгө. Маалыматтар кварталда бир жолудан кем эмес жаңыланат. Эсепке алуу тартибин бузуу кызмат адамдарынын жоопкерчилигине алып келет.

21. Тараптар көмүү жайларын брондоого байланышкан бардык талаш-тартыштарды жана пикир келишпестиктерди сүйлөшүүлөр аркылуу чечет жана пикир келишпестиктерди жөнгө салуу мүмкүн болбогон учурда соттук тартипте чечилет.

22. Ушул Тартиптин жоболорун бузгандыгы үчүн күнөөлүү жооптуу кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартиптик же башка жоопкерчилик тартат.

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XII сессиясынын №VII Токтому**

Папан айылы 28-ноябрь 2025-жыл

**Ички каналдардын корук зоналарын белгилөө жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексине, Суу кодексине, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамына ылайык, ирригациялык каналдарды коргоо, мыйзамсыз курулуштардын алдын алуу жана суу чарба объектилеринин коопсуз иштешин камсыз кылуу максатында Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши
**токтом кылат:**

1. Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүндөгү бардык ички каналдардын корук зоналары каналдын таманынан (негизинен) эки жагына 6 (алты) метрден белгиленсин.

2. Белгиленген корук зонасынын чегинде турак жай, чарбалык жана башка курулуштарды курууга, жер казуу иштерин жүргүзүүгө, каналдын иштешине тоскоолдук жараткан аракеттерге тыюу салынсын.

3. Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнө корук зоналарынын чектерин аныктоо жана калкка түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, тиешелүү кызматтар менен биргеликте көзөмөл уюштуруу айыл өкмөт башчысына тапшырылсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин Агрардык саясат, айыл-чарба, жайыттар, жер, курулуш, транспорт, сугат жана таза суу маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **М. Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын**
**кезектеги XII сессиясынын**
**№VIII Токтому**

Папан айылы 28-ноябрь 2025-жыл

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын X сессиясында кабыл алынган Сулайманов Эрмаматтын аты берилген №IX токтомду жокко чыгаруу жөнүндө**

Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүндөгү Кызыл-Туу айылындагы көчөгө ысым ыйгарууга байланыштуу маселелерди кайра кароо зарылдыгына жана жергиликтүү калктын сунуш-пикирлерине таянып, ошондой эле колдонуудагы мыйзамдардын талаптарын эске алуу менен, Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын X сессиясында кабыл алынган Кызыл-Туу айылындагы көчөгө Сулайманов Эрмаматтын аты берилген №IX токтом жокко чыгарылсын.

2. Ушул токтомдун аткарылышын камсыздоо Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына жана тиешелүү комиссияга жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин Мыйзамдуулукту сактоо, укук жана этика, коопсуздук боюнча туруктуу комиссияга милдеттендирилсин.

**Төрага** **М. Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XII сессиясынын**
**№IX Токтому**

Папан айылы 28-ноябрь 2025-жыл

**“2026-жылга керектелүүчү көмүрдүн көлөмүн бекитүү жөнүндө”**

Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылга социалдык объектилерди жылытууга керектелүүчү көмүрдүн көлөмүн бекитип берүү боюнча Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн СЭӨБнүн башчысынын кайрылуусун угуп, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын негизинде, Папан айыл аймагынын айылдык кенеши **токтом кылат**:

1. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областары боюнча аймактык бөлүмүнүн мамлекеттик инспектору Т.Зулпуевдин Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ишмердүүлүгү боюнча 01.01.2024-жылдан 31.12.2024-жылга чейин жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин негизинде аныкталган социалдык обьектилерди жылытууга керектелүүчү көмүрдүн көлөмү 216,4 тонна 1152,8 миң сомго ашыкча калдык калгандыгы аныкталгандыгына байланыштуу 2025-жылдын бюджетине көмүрдүн көлөмү 216,4 тонна 1152,8 миң сомго азайтылып киргизилсин.

2. Ушул токтомдун аткарылышын камсыздоо Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

3. Бул токтомду көзөмөлдөө жагы Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин бюджет жана инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **М. Мырзабеков**